# Нурлан  Рахманов атындагы орто мектебинин ата-энелеринин чогулушу

06.11.2022

# Каралуучу маселелер:

1. 1-чейректин жыйынтыгы менен тааныштыруу
Жаны окуу жылынын окуу-тарбия иштеринин планы менен тааныштыруу
2. Ата-энелер комитетинин төрагасы менен катчысын жана мүчөлөрүн шайлоо.
3. Окуучулардын жүрүм- түрүм эрежелери жана мектептин Уставына ылайык мектептеги жалпы тартипти сактоо.
4. «Ата-энелер мектеби» боюнча маалымат берүү
5. Вакцина 11-14-жаштагы кыздар.
6. Стим гранд.
7. Жаны мектеп
8. Үйлөрдү камсыздандыруу

# 1-маселе

## 1-чейректин жыйынтыгы менен тааныштыруу

## Жаны окуу жылынын окуу-тарбия иштеринин планы менен тааныштыруу

Окуу-тарбия иштер боюнча  директордун
орун басары Намазбекова А.Б.

# 2-маселе
# Мектептин ата-энелер комитети жөнүндө жобону бекитүү жана төрагасы менен катчысын жана мүчөлөрүн шайлоо.

*КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН АТА-ЭНЕЛЕР КОМИТЕТИ ЖӨНҮНДӨ ТИПТҮҮ Ж О Б О*

*1.1. Бул Жобо кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын 38-беренесине ылайык, жалпы билим берүү Уюмунун ата-энелер комитетинин иш аракетин жөнгө салат, анткени ал тең башкаруу органы болуп эсептелет.*

*1.2. Ата-энелер комитети жөнүндө жобо ата-энелердин жалпы мектептик чогулушунда кабыл алынып, бекитилет да, мектептин жалпы билим берүү боюнча директорунун буйругу менен ишке киргизилет.*

*1.3. Ата-энелер комитети (текст боюнча мындан ары - «комитет» - деп берилет) үч жылдык мөөнөткө ата-энелердин конференциясында шайланып, аны төрага башкарат. Ал комитет мектептин ата-энелер комитетине баш ийүү менен ата-энелер комитетинин конференциясында тактама (отчет) берип турат. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү - 3-жыл (же комитеттин жылына үчтөн бири алмаштырылып турат).*

*1.4. Анын иш аракеттерин ыңгайлаштыруу (координациялоо) үчүн комитеттин курамына мектептин окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары кириши мүмкүн.*

*1.5.Комитеттин иш-аракеттери Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндөгү» Кодексине, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтому менен бекитилген «Жалпы билим берүүчү уюм жөнүндөгү» типтүү жобого, «Жалпы билим берүүчү уюмдун Уставы» жана ушул Жобого ылайык ишке ашырылат.*

*1.6. Комитеттин чечимдери жалпы билим берүүчү мектептин жетекчилиги үчүн сунуш катарында кабыл алынат.*

# 3-маселе
# Окуучулардын жүрүм- түрүм эрежелери жана мектептин Уставына ылайык мектептеги жалпы тартипти сактоо.

* Окуучулардын журум-турум эрежелери жөнүндө жобо
* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-августундагы №572 “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында мектеп формасына бирдиктүү талаптарды киргизүү жөнүндө” токтом

# Окуучунун сырткы көрүнүшү окуучулардын сырткы көрүнүшүнө негизги талаптар:

- тазалык, тыкандык;
- баардыгы үчүн кийимдин негизги стандарты: ишкердик стиль; сырткы көрүнүш коомдо кабыл алынган ишкердик стилдин нормаларына туура келиши керек жана туура эмес деталдарды камтыбаш керек;
- кыздардын узун чачтары өрүлгөн, ал эми орто узундуктагы чачтары чач байлагыч менен жыйналган болуу керек;
- балдар жана өспүрүмдөр убагында чачтарын тегиздетип туруулары керек (классикалык чач тегиздөө);

# МЕКТЕП ФОРМАСЫ КЛАССИКАЛЫК СТИЛГЕ ДАЛ КЕЛИШИ КЕРЕК.


* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-августундагы №572 “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында мектеп формасына бирдиктүү талаптарды киргизүү жөнүндө” токтомуна ылайык, жалпы билим берүү уюмдарынын 1-11-класстарынын окуучуларынын мектеп формасына бирдиктүү талаптар бекитилди.
* Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында мектеп формасы классикалык мүнөзгө ээ. Окуучулардын мектеп формасы аба ырайына жана окуу сабактарын өткөрүүчү жерге, окуу бөлмөлөрүндөгү температуралык режимге ылайык болууга тийиш.
* Эң башкысы, “асты кара, үстү ачык (ак) түс” деген классикалык үлгү сакталышы керек.

# Тыюу салынат:

* адаттан тышкары чач тегиздетүүлөр, чачтарды ачык, табыгий эмес өңдөргө боёго.
* Ачык макияжга тыюу салынат: кирпиктерди, көздөрдү эринди боёгон жана ачык маникюр.
* Кийимдин бөлүгү катары  оор брошкаларды, чынжырларды, шакек, кулон, сөйкө, шарф, жамынма колдонууга уруксат эмес.
* **Мектепке уюлдук телефон алып келүүгө тыюу салынат**

4-маселе

# «Ата-энелер мектеби»



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

БУЙРУК № 879/1 2022-ж. 13 май ПРИКАЗ

**"Ата-энелер мектеби" программасын Кыргыз Республикасынын пилоттук мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарына киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 24-июлундагы № 313 "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене-тарбиясы жөнүндө концепцияны бекитүү тууралуу" Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 2-февралындагы № 44-р тескемесин, 2022-жылдын 10-майындагы "Жаш жете электер арасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Балдар укугу боюнча маселесин укуктуу окуунда болгон кеңешменин № 32-1608 протоколун аткаруу, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-2024-жылдарга программасын ишке ашыруу, ошондой эле ата-энелердин балдарды тарбиялоосун жана аларга кам көрүүнүн көндүмдөрүн жакшыртуу, жаштар жана электер арасында укук бузуулардын алдын алуу максатында **буйрук кылам:**

1. 2022-жылдын 1-октябрынан баштап Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарына (мындан ары – билим берүү уюмдары) "Ата-энелер мектеби" программасы этап-этабы менен киргизилсин.

2. Бишкек жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын, райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары:

- 2022-жылдын 25-майына чейин "Ата-энелер мектеби" программасын ишке ашыруу үчүн пилоттук билим берүү уюмдарынын тизмесин (5тен кем эмес мектепке чейинки билим берүү уюмдар жана 10дон кем эмес жалпы билим берүү уюмдар) бекитсин;
- "Ата-энелер мектеби" программасын ишке ашыруу боюнча пилоттук билим берүү уюмдарында жооптуу аткаруучуларды дайындасын;

# Ата-эне, мектеп бириксек,
# Балдарда болот келечек.

# ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИН ТҮЗҮҮНҮН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ

- Ата-эненин мектеп менен байланышынын начардыгы
- Ата-эненин сабактарга кызыгып катышпоосу
- Тарбия маселесинде жалгыз мугалимдин күнөөлүү болушу
- Окуучулардын үйдөн сабак аткарбай келиши
- Окуучулардын убакытты туура эмес пайдаланып жатышы
- Бала бакчалардын жетишсиздиги

# Балага

**Мектеп + ата-эне + коомчулук үчилтиги аркылуу-- өмөктүү таалим тарбия берилет.**



# Ата-энелерге кеңештер

Балдарыңыздарга жакшы үлгү көрсөтүңүз.

Балаңыз окуган мектепке тез-тез барып туруңуз

Балага сыналгыда көрсөтүлүп жаткан зомбулук тууралуу айтып бериңиз.

“Мен сени жакшы көрөм” деген сөздүн маанилүүлүгүн баалабай коюуга болбойт.

Балдарыңыз менен зомбулук темасында сүйлөшүңүз.

Баланы уруп-согууга болбойт

# Куш качан гана эки канаты тең күүлөнгөндө бийикке учат.



Куштун бир канаты ата-эне,
бир канаты мектеп,
ушул эки нерсе тең
жоопкерчилик менен
иш жүргүзгөндө гана
баладан жакшы жыйынтык чыгат.

# 5-маселе
# Вакцина 11-14-жаштагы кыздар.
## ӨСПҮРҮМ КЫЗДАРДЫ ЭМДӨӨ: ПАЙДАСЫ ЖАНА ЗЫЯНЫ





* Кыргызстанда өспүрүм кыздарды папиллома вирусуна каршы акысыз эмдөө жүрүп жатат. Эмдөө башталгандан бери максаттуу топтун 50% ашыгы эмделди. Ноябрь ичинде баардыгы болуп 227 867 ашык өспүрүм кыздар эмдөөдөн өттү. Кээ бир ата-энелер буга кооптонуп жатканын, адистердин кеп-кеңешине муктаж экендиктерин билдирүүдө.
* Ушул кырдаалды эске алуу менен, биз эмдөө жүргүзүү эмне үчүн зарыл жана анын мааниси тууралуу айтып беребиз.
* **Папиллома вирусу деген эмне жана эмдөөдөн өтүүнүн мааниси**
* Алгач папиллома вирусу деген эмне экендигине кененирээк токтололу. Папиллома вирусу — жатын моюнчасынын рагын пайда кыла турган вирус. Ден соолукка олуттуу коркунуч туудурган рактын бул түрү 15 жаштан 44 жашка чейинки аялзатынын арасында эң көп таралган. Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун эсеби боюнча, Кыргызстанда жыл сайын 600гө жакын аял жатын моюнчасынын рагы менен ооруйт жана анын 300гө жакыны өлүм менен аяктайт.
* Кыргызстанда адатта жатын моюнчасынын рагына чалдыккандардын 40%га жакыны өнүккөн стадиясында аныкталат. Министрлик жатын моюнчасынын рагы менен ооруган бейтаптарды диагностикалоого, дарылоого жана кароого жыл сайын 500 миң АКШ долларын жумшайт.
* Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун маалыматы боюнча, 2018-жылы дүйнө жүзү боюнча 560 миңден ашуун аял жатын моюнчасынын рагына кабылып, анын ичинен 300 миңден ашыгы оорудан каза болгон. Аялдардын жатын моюнчасынын рак оорусунун негизги себеби — эң кеңири таралган вирустардын бири болгон адамдын папиллома вирусу (HPV). Өнөкөт HPV инфекциясы аялдарда жатын моюнчасынын рагынын өнүгүшүнө алып келет.

# Эмдөөдөн өтүү эмне үчүн маанилүү?

* Саламаттык сактоо министрлиги өспүрүм кыздарды пландуу эмдөө келечекте жыл сайын 600гө жакын жатын моюнчасынын рак оорусун жана 300гө жакын өлүмдүн алдын алууга болорун белгилейт.
* Бишкектеги иммунопрофилактика бөлүмүнүн башчысы Бурул Асыкбекованын маалыматы боюнча, учурда айрым ата-энелер туура эмес маалыматтарга ишенип, эмдөөдөн баш тартууда. Ал вакцинанын зыяндуулугу тууралуу тарап жаткан маалыматтар чындыкка дал келбесин белгиледи.
* — Эмдөө тукумсуздукка алып келет экен деген жана башка ушул сыяктуу ар кандай маалыматтар таратылып, эне-аталар эки анжы ойдо калууда. Эмдөө — бул оорунун алдын алуу болуп эсептелинет. Ооруп калып дарылануга караганда, алдын ала эмделип койгон жакшы», — дейт ал.
*

# Эмдөө канча жолу жана кайсы жерде жүргүзүлөт?

* Эмдөө мектептердин медициналык бөлмөлөрүндө жүргүзүлүүдө. Эмдөө иштери жылына эки жолу дифтерияга жана селеймеге каршы ревакцинациялар менен бир убакта мектептерде эмдөө программасынын алкагында өткөрүлүүгө тийиш.
* Адистердин айтымында, жылына бир жолу эмдөө – жетишсиз. 2011-жылдын январь-декабрында төрөлгөн кыздар үчүн HPV вакцинасынын биринчи дозасы 2022-жылдын ноябрында жана экинчи дозасы 2023-жылдын май айында берилет. 2008-жылдын январынан 2010-жылдын декабрына чейин төрөлгөн кыздарга HPV вакцинасынын биринчи дозасы 2022-жылдын ноябрында жана экинчи дозасы 2023-жылдын май айында берилет.
* HPV вакциналары эрте жашта жасалганда натыйжалуу болору айтылууда. Эгерде кыз/аял HPV инфекциясын жуктуруп алган болсо жана вирустук ДНК реципиенттин ДНК клеткаларына интеграцияланган болсо, алар натыйжасыз. Ошондуктан, HPV вакцинасы жыныстык активдүүлүккө кирише элек кыздарда жатын моюнчасынын рагын алдын алуу каражаты катары колдонулат жана бул ооруга даба боло албайт.

# Эмдөөнүн терс таасирлери жөнүндө эмне белгилүү?

* Эмделгенден кийин бир нече сааттын ичинде анча-мынча реакция пайда болушу мүмкүн. Бирок алар бир аз убакыт өткөндөн кийин жок болот жана көп коркунуч алып келбейт.
* Көпчүлүк учурда, терс таасирлери жеңил жана тез өтөт. Алардын белгилери: ийне сайылган жердин териси бир аз ооруксунуп, кызарып чыгат, дене табы көтөрүлүп, баш айлануу, баш ооруу, жүрөк айланышы мүмкүн.
* Эмдөөдөн кийин, башка медициналык процедуралардагыдай эле, кээ бири эси ооп калышы мүмкүн. Бул инъекция алган учурдагы стресске байланыштуу.




Эскерте кетсек, Кыргызстанда адамдын папиллома вирусуна каршы өспүрүм кыздарды эмдөө башталган 14-ноябрдан бери максаттуу топтун 50% ашыгы эмделди. Ноябрь ичинде баардыгы болуп 227 867 өспүрүм кыздар эмдөөдөн өттү.

Андыктан, урматтуу ата-энелер, тастыкталбаган маалыматтарга таянып, балдарыңыздардын ден соолугуна доо кетирип алуудан алыс болууңуздарды өтүнөбүз.

Балага тарбия берүү -көчөт тигип, аны мөмө берген бак кылып өстүрүү сымал. Эгер көчөттү өз убагында туура карабасаң, анда ал жакшы мөмө бербейт, аркандай курт-кумурскалар зыян келтирет же куурап жок болуп калат



«Бала тарбиялоо
-
ташты
кемиргенге
тете»







БҮГҮНКҮ КҮНҮҢ
КАНДАЙ ӨТТҮ?


туура эмес
туура
эмне болду?
кел чечишели
бала ата-эненин күзгүсү


туура эмес
түшкө чейин таттуу жебе.
боло берет эч нерсе болбойт.
туура
түшкө чейин таттуу жебе
түштөн кийин чай менен жесең жакшы.

## Уч сыйкырдуу сөз:

- Мен сага ишенемин!
- Сен акылдуусуң!
- Сенин колуңдан бардык нерсе келет!

Балдарды тарбиялоо менен биз өлкөбүздүн келечегине чоң салым кошуп жатканыбызды унутпайлы. Себеби даанышмандар “Кайсы элдин жаштары тарбиялуу жана күчтүү болсо, ошол элдин келечеги кең” -деп айтып келишкен.



# Көңүл бурганыңыздарга чоң ырахмат!

